www.manas.edu.kg

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
Ветеринария факультети факультети
Ветеринария
Курстун программасы

Курстун коду	Курстун аты (Кыргызча)	Курстун аты (Түркчө)	Семестр	Апталык саат	Кредит	ECTS
VET-437	ИЧКИ ООРУЛАР I	İÇ HASTALIKLARI I	7	3 + 0	3	3

Курстун деңгээли	Бакалавр
Курстун түрү	Талаптуу
Курстун мугалими	Проф.док. Исмаил Шен
Курстун тили	Түркчө
Жардамчылар	-
Аудитория	Klinik Dershane
Курстун максаты	-Ит мышыктарда көп кездешкен ооруларды анализдөө менен бирге аныктоо; аныктаган ооруну туура дары жана ыкмаларды колдонуп дарылай билүү; оорулуу айбан кожоюну менен туура байланыш түзүүнү үйрөтүү жана профилактикалык иш чараларды үйрөтүү.

Колдонулуучу адабияттар		
	Колдонулуучу адабияттар	**Адабияттын түрү**
1	Köpek ve Kedilerin İç Hastalıkları, Klinik El Kitabı. Nilüfer AYTUĞ, Medipres Matbaacılık, Malatya, 2012.	Китеп
2	Small Animal Clinical Diagnosis by Laboratory Methods. Tbedten W., 4th Edit., Sounders, Elsevier, 2004.	Китеп
3	Köpek ve kedilerde pratik elektrokardiyografi & kalp hastalıkları. Yılmaz Z, U.Ü. Basım Evi, 2005.	Китеп
4	Clinical Medicine of the Dog and Cat. Schaer M., Manson Publishing, London, 2003.	Китеп
5	Small Animal Internal Medicine. 3rd Ed., Nelson R.W., Couto C.G., Mosby Co., Missouri, 2003	Китеп
6	Handbook Of Small Animal Practice, Morgan R. V., Bright R. M., Swartout M. S., 4th Edit., Elsevier Science, Pennsylvania, 2003	Китеп
7	Common Small Animal Diagnosis, W. B. Saunders Company, Philadelphia, 2002	Китеп
8	Laboratory Profiles of Small Animal Diseases, Sodikoff C. H., 3rd Edit., Mosby Inc, Missouri, 2001	Китеп
9	Textbook of Veterinary Internal medicine. Ettinger S.J., Feldman E.C., 5th edit., WB Saunders Comp., Philadelphia, 2000	Китеп

Жетишилчү жыйынтыктар	
1	Ит мышыктарда байкалган маанилүү тоют сиңирүү, дем алуу, кан айлануу, жүрөк – кан тамыр жана бөлүп чыгаруу системалары жана дерматологиялык, гематологиялык ооруларга байланыштуу ооруларды үйрөнүшөт.
2	Ооруларды анализдөө менен бирге аныктоо
3	Аныкталган ооруну туура дары жана ыкмаларды колдонуп дарылай билүү
4	Оорулуу айбан кожоюну менен байланыш түзүү
5	Оорулардын алдын алуу үчүн профилактикалык иш чараларды жүргүзүү
6	Билимин ар дайым жаңылоону үйрөнүшөт.

Курстун планы	
Апта	**Темасы**
1. Апта	Сабактын аныктасы; Гастроэнтерология 1: стоматит, фарингит, дисфагия жана кызыл өңгөч оорулары
2. Апта	Гастроэнтерология 2: Кусуу, гастрит, GDVD, карындын жетишсиз жыйрылуусу, ичеги карын жаралары, курч жана өнөкөт диарея, лимфоцитардык плазматикалык энтерит-колит, энтеропатия, ичиге карын тыгындалуусу жана ич катуу

Курстун планы	
3. Апта	Көп кездешкен инфекциялык оорулар: иттерде жана мышыкта парвовирустук энтерит, кыргын, инфекциялык гепатит, иттерде жана мышыкта коронавирустук энтерит, FeLV, FIV, FIP.
4. Апта	Боор оорулары: боор ооруларынын клиникалык белгилери, аныктамасы жана дарылоо принциптери, иттерде өнөкөт гепатит, курч уулу гепатопатия, неоплазиялар, гепатоэнцефалопатия, мышыктарда боордун май басуусу, боордун сезгенүү оорулары.
5. Апта	Уйку бези оорулары: уйку бези ооруларынын клиникалык белгилери, аныктамасы жана дарылоо принциптери, өнөкөт жана курч панкреатит, экзокриндик уйку без кемтиги.
6. Апта	Гематология:кандын аныктамасы, кандын курамы, кан бүртүктөрү (эритроцит, нейтрофил, лимфоцит, моноцит, эозинофил, базофил, тромбоцит), кадыресе гемограмманын клиникалык деңгээлде түшүнүктөмөсү. Гемостаз, кандын уюусу жана уюу факторлору, анемия түрлөрү жана клиникалык жандашуу, геморрагиялык оорулар.
7. Апта	Иммун система менен байланышкан гемолиздүү анемия, бабезиоз, Эрлихиоз, Лейлманиоз, кандын микоплазмасы, лимфома.
8. Апта	Дем алуу системасы ооруларына жалпы кириш (клиникалык белгилер, лабораториялык анализдер жана рентгенографиялык аныктоо техникасынын негизинде баалоо жана диагноз), ринит/мурун көбөөлдөрүнүн сезгенүүсү, коркунучтуу шишиктер, курч жана өнөкөт бронхит, аспирациялык пневмония.
9. Апта	Мышыктарда үстүнкү дем алуу жолдору комплекстик инфекциялары, аллергиялык бронхит, эмфизема, өпкө шишиги, иттерде инфекциялык трахеобронхит. (kennel cough)
10. Апта	Жүрөк ооруларына кириш; ЭКГ, бөгөлмө жүрөк кемтиги (сол жана оң), иттерде бактериялык эндокардит, дирофиляриоз, кардиомиопатия
11. Апта	Мышыктардын кардиомиопатиясы, гипертрофиялык кардиомиопатия, блок- жүрөк блогу, перикард эффузиясы.
12. Апта	Дерматологияда клиникалык жана диагноздоо, бүргө инвазиясы, хейлетиеллёз, саркоптикалык котур, демодекоз, иттерде бактериалдык фолликулит.
13. Апта	Пиодерма, курч дерматит, сырткы кулактын курч сезгенүүсү, себорея дерматит, дерматофитоз, диффуздук нейродерматит, карым-катнаштык дерматит, мышыктарда эозинофилдүү гранулома комплекси.
14. Апта	Аутоиммундук тери оорулары, пемфигус, системалык түйүндүү эритема, мышыктарда психикалык алопеция (нейродерматит), мастоцитома, жалпак клеткаларда карцинома
15. Апта	Бөлүп чыгаруу система физиопатологиясы жана системага байланыштуу лабораториялык натыйжаларды баалоо, курч жана өнөкөт бөйрөк кемтиги, гломерулонефрит
16. Апта	Бөйрөктө протеинурия: амилоидоз, пиелонефрит, иттерге бөлүп чыгаруу системасынын оорулары, мышыктарда бөлүп чыгаруу системасынын оорулары, мышыктарда идиопатиялык цистит, кум сийдик дарты

Баалоо			
Баалоо каражаты	**Саны (даана)**	**Үлүшү (%)**	**Жалпы үлүшү**
Арасынак	1	40	**40**
Финал сынагы	1	60	**60**